КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН
ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

Iskhak_polothan@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ
ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

Iskhak_polothan@mail.ru

Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин кезексиз 19-сессиясы

ТОКТОМ

2026-жыл 28-октябрь №79

Исхак-Полотхан айыл аймагынын Жеңиш айылынын батыш тарабынан 7,91 га жер аянтын жайыт жери багытынан "Достук инвест" ЖЧКга цемент заводуна которууга (трансформациялоого) макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 11, 20-беренелерине, «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 4-ноябрындагы № 665 «Жер участокторун которуу (трансформациялоо) тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна ылайык, ошондой эле Исхак-Полотхан айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиянын "Достук инвест" ЖЧКнын өкүлү Ахматов Данияр Тынычбековичтин арызы боюнча корутундусун угуп жана талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеш **токтом кылат:**

1. Исхак-Полотхан айыл аймагынын Жеңиш айылынын батыш тарабынан 7,91 га №539 контурдагы жер аянтын цемент заводун кеңейтүү үчүн "Жайыт багытындагы жерлер" категориясынан "Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлер"категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.
2. Исхак-Полотхан айыл өкмөт башчысына:
   1. Жогоруда көрсөтүлгөн жер тилкесин трансформациялоо боюнча тиешелүү документтердин топтомун (техникалык-экономикалык негиздемесин, архитектуралык эскиз долбоорун, экологиялык жана санитардык корутундуларды) мыйзамда белгиленген тартипте даярдоо тапшырылсын;
   2. Даярдалган материалдарды андан ары карoo жана чечим кабыл алуу үчүн Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын алдындагы жергиликтүү комиссияга сунуштоо жагы жүктөлсүн.
3. Токтомду мыйзамда белгиленген тартипте аткарууга алуу, айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.
4. Ушул токтомдун көчүрмөсү ченемдик укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын юстиция Министрлигинин Баткен облустук башкармалыгына жөнөтүлсүн.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага **Г. Матажиев**